| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ | | НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|---|

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

4-февраль 2022-ж. № 03 Бишкек ш.

**Юридика, саясий жана социология илимдери боюнча эксперттик кеңешин бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2021-жылдын 19-ноябрындагы № 21 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 578 токтому менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-июлундагы № 425, 2015-жылдын 30-июлундагы № 542, 2017-жылдын 28-февралындагы № 125, 2020-жылдын 9-мартындагы № 137 токтомдорунун редакцияларына ылайык)* жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 27-январындагы № 055 токтомунун (№1э/с-4/5 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Юридика илимдеринин доктору, профессор Алибаева Гульнар Айтчановна 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук (авторефераты боюнча); 12.00.14 – административдик укук, финансы укугу, маалымат укугу (авторефераты боюнча) адистиктери боюнча; юридика илимдеринин доктору, доцент Джумалиев Данияр Сардарбекович 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук (авторефераты боюнча); 12.00.10 – эл аралык укук; европа укугу (авторефераты боюнча) адистиктери боюнча юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды; саясий илимдердин доктору Мамытов Токтокучук Болотбекович 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар (авторефераты боюнча) адистиги боюнча саясий илимдердин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын юридика, саясий жана социология илимдери боюнча эксперттик кеңешинин курамына киргизилсин.
2. Буйрукту аткарууну көзөмөлдөө төраганын орун басары – башкы окумуштуу катчы, э.и.д., профессор Б.К. Меймановго жана коомдук-гуманитардык илимдер секторуна жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**